# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2016-жылдын 20-майы № 68

## Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Чарбалык шериктиктер жана коомдор жөнүндө", "Акционердик коомдор жөнүндө", "Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

**1-берене.**

"Чарбалык шериктиктер жана коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1996-ж., № 6, 80-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

39-статьяда:

1-пункту төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

"Облигацияларды чыгаруу үчүн коом төмөнкүдөй талаптарга ылайык келүүгө тийиш:

1) акыркы отчеттук жыл үчүн жана акыркы үч жылдын суммасы боюнча чыгашасыз болуу;

2) акыркы жылдын ичинде өз ишин үзгүлтүксүз жүзөгө ашыруу;

3) коомдун финансылык отчету көз карандысыз аудитордун корутундусу менен ырасталышы керек;

4) башкаруунун төмөнкү органдарына ээ болушу:

а) катышуучулардын жалпы чогулушу;

б) Директорлор кеңеши;

в) аткаруу органы;

г) текшерүү комиссиясы;

5) корпоративдик башкаруу кодексине ээ болушу.

Облигацияларды чыгаруу үчүн кайра уюштуруу жолу менен түзүлгөн коом кайра уюштурулгандан кийин бирден кем эмес жылдык балансын бекитүүгө, ошондой эле ушул статьянын талаптарына ылайык келүүгө тийиш.";

статья төмөнкүдөй мазмундагы 3-пункт менен толукталсын:

"3. Облигациялардын эмитенти болуп саналган чарбалык коомдордо корпоративдик башкаруу кодекси - катышуучулардын жалпы чогулушу менен бекитилген, корпоративдик мамилелердин бардык катышуучуларынын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышына багытталган жана коомдун органдарынын, кызмат адамдарынын жана акционерлердин ортосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салган принциптердин, эрежелердин жана жол-жоболордун жыйындасын камтыган коомдун ички документи колдонулат.".

**2-берене.**

"Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., № 6, 240-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-статья төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи абзац менен толуктalsын:

"корпоративдик башкаруунун кодекси - акционерлердин жалпы чогулушу менен бекитилген, корпоративдик мамилелердин бардык катышуучуларынын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышына багытталган жана коомдун органдарынын, кызмат адамдарынын жана акционерлердин ортосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салган принциптердин, эрежелердин жана жол-жоболордун жыйындысын камтыган коомдун ички документи;";

2) 27-статьянын 3-пункту төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи-он экинчи абзацтар менен толуктalsын:

"Облигацияларды чыгаруу үчүн коом төмөнкүдөй талаптарга ылайык келүүгө тийиш:

1) акыркы отчеттук жыл үчүн жана акыркы 3 жылдын суммасы боюнча чыгашасыз болуу;

2) акыркы жылдын ичинде өз ишин үзгүлтүксүз жүзөгө ашыруу;

3) коомдун финансылык отчету көз карандысыз аудитордун корутундусу менен ырасталышы керек;

4) корпоративдик башкаруу кодексине ээ болушу.

Кайра уюштуруу жолу менен түзүлгөн облигацияларды чыгаруу үчүн коом кайра уюштурулгандан кийин бирден кем эмес жылдык балансын бекитүүгө, ошондой эле ушул статьянын талаптарына ылайык келүүгө тийиш.".

**3-берене.**

"Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 7, 761-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

$16^1$-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толуктalsын:

"- эгерде эмитент өз ишин үч жылдан кем жүзөгө ашырып жатса, аяктаган финансылык акыркы 3 жыл үчүн же аяктаган финансылык 2 жыл үчүн эмитенттин жылдык бухгалтердик отчетунун көчүрмөсү;

- берилген бухгалтердик отчетко карата аудитордун (аудитордун квалификациялык жана кесипкөй компетенциясына карата талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат) корутундусу;

- проспекти түзгөн учурга акыркы аяктаган отчеттук квартал үчүн эмитенттин кварталдык бухгалтердик отчетунун көчүрмөсү;

- корпоративдик башкаруу кодексинин көчүрмөсү.".

**4-берене.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**5-берене.**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Ш. Атамбаев**